DOI:10.26104/IVK.2023.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 3, 2023

*Минбаев Д.А.*

## «МАНАС» ЭПОСУНДАГЫ ПАТРИОТТУУЛУКТУН БЕРИЛИШИ

*Минбаев Д.А.*

## ПЕРЕДАЧА ПАТРИОТИЗМА В ЭПОСЕ «МАНАС»

*D. Minbaev*

## THE TRANSFER OF PATRIOTISM IN THE EPIC «MANAS»

*УДК: 796:398.22*

*Бул макалада элибиздин, жерибиздин ыйыктыгы, эркиндиги, боштондугу, биримдүүлүгүн ыйык экендигин «Манас» эпосундагы патриоттуулук маселелери көрсөтүлгөн. Макалада элибиздин мамилелеринин эң негизгиси кыргыздардын кызыкчылыктары болгон. Эпосто Манас баатырдын образы, элибиздин идеалы катары көрсөтүлгөн. Эпостогу азамат баатырлардын достугу жана биримдиги, чындык, калыстык, адилеттүүлүгү, Ала-Тоо элинин алдында таза кызмат, адал эмгек, адеп-ахлактары негизделген. Макалада кыргыздардын улуу эпосу «Манастын» эң негизги идеяларынын бири Ата Мекенди коргоо тууралуу сөз болот. Кыргыз эли өзүнүн басып өткөн узак тарыхый жолунда баскынчы душмандар менен нечендеген кандуу кармаштарды башынан кечирип, өзүнүн эркиндиги жана көз карандысыздыгы үчүн күрөшкөн. «Манас» эпосу кыргыз элинин монументалдуу улуу эпосу. Чыгармада кыргыздардын тарыхы, жашоо образы,кыйынчылыкка моюн бербеген өжөрлүгү, өзүнүн эл катары эркиндигин сактап калуу үчүн жүргүзгөн тынымсыз аракеттери,көздөгөн максатка жетүү үчүн бирдиктүүлүктү көрсөтүшүп, акыл калчап иш жүргүзгөндүгү көрүнөт.*

***Негизги сөздөр:*** *«Манас» эпосу, патриоттуулук, ата-бабалар, Ала-Тоо, ак калпак, Ата мекен, эркиндик, ар намыс, кыргыз эли.*

*Эта статья посвящена вопросам патриотизма в эпосе «Манас», святости, свободы, единства нашего народа, нашей земли. В статье говорилось, что самым главным в отношениях нашего народа были интересы кыргызов. В эпосе Манас представлен как образ героя, идеал нашего народа. Азамат в эпосе основан на дружбе и единстве героев, правде, справедливости, чистой службе перед народом Ала-Тоо, честном труде, нравственности. В статье речь пойдет о защите Отечества, одной из основных идей великого кыргызского эпоса «Манас». Кыргызский народ на своем долгом историческом пути прошел через множество кровопролитных сражений с захватчиками, боролся за свою свободу и независимость. Эпос «Манас» – великий монументальный эпос кыргызского народа. В произведении показаны история, образ жизни кыргызов,их упорство в преодолении трудностей, неустанные усилия по сохранению своей свободы как народа,проявление единства и мудрости для достижения поставленных целей.*

***Ключевые слова:*** *эпос «Манас», патриотизм, предки, Ала-Тоо, отчизна, свобода, честь, кыргызский народ.*

*This article is devoted to the issues of patriotism in the epic «Manas», holiness, freedom, unity of our people, our land. The article said that the interests of the Kyrgyz were the most important in the relations of our people. In the epic, Manas is presented as the image of a hero, the ideal of our people. Azamat in the epic is based on friendship and unity of heroes, truth, justice, pure service to the people of Ala-Too, honest work, morality. The article will focus on the protection of the Fatherland, one of the main ideas of the great Kyrgyz epic «Manas». The Kyrgyz people, on their long historical path, went through many bloody battles with the invaders, fought for their freedom and independence. The epic «Manas» is a great monumental epic of the Kyrgyz people. The work shows the history, lifestyle of the Kyrgyz, their perseverance in overcoming difficulties, tireless efforts to preserve their freedom as a people, the manifestation of unity and wisdom to achieve their goals.*

***Key words:*** *epic «Manas», patriotism, ancestors, Ala - Too, motherland, freedom, honor, Kyrgyz people.*

Дүйнөдөгү көптөгөн элдердин өздөрүнүн түзүшкөн эпостору бар: гректердин «Илиадасы», индиянын «Махабхаратасы» ж.б. Бирок биздин эпосубуз көлөм жана мазмуну жагынан да чоң болбостон, кыргыз элинин гана эмес, коңшулаш элдердин бүткүл турмушунун, ошондой эле бардык умтулуштарынан, руханий, адептик, философиялык, өзгөчө патриоттук улуу дөөлөттөрдүн, педагогикалык насааттарын поэтикалык түрдө чагылдырган чыгарма.

Жөндөн жөн эле Ч. Валиханов эпосубузду «кыргыз элинин турмушунун энциклопедиясы» деп атаган эмес [2].

Эпосубузда эң алгач элибиздин, жерибиздин ыйыктуулугу, эркиндиги, боштондугу, бүтүндүгү, биримдүүлүгүнүн ыйык экендиги айтылат. Бүгүнкү күндөгү ар кандай чабуулдарга каршы кыргыздардын кадимки улут катары өзүн-өзү сактап калуу катарында инстинкти ойготуунун негизги каражаты болот. Ата-бабаларыбыздын эркиндик үчүн күрөшү, патриоттук салттарын даңазалаган, элибиздин күч-кубаттуулугун, даанышмандыгын, эч кимге багынбас патриоттук, рух күчүн баалашып келет.

«Манастын анты» төмөндөгүчө айтылат:

«Ак калпак кыргыз эли үчүн,
Ала-Тоо артык жер үчүн,
Жанымды курман чалайын,
Аткарбасам антымды...!»

Бүгүнкү күндө «Манас» эпосу боюнча мыйзам чыгарылды, атайын мамлекеттик программа жана академия түзүлдү, мамлекеттик билим берүү стандартына киргизилди ж.б.

Бул улутубуздун бийик көтөргөн ыйык идеяларыбыздын бири болуп эсептелинет. Мындай идеялар болбосо элибиз ушул күнгө чейин, мындан кийин да жашай алышпайт. Буларды эпосто кыска, нуска саптар ырастайт:

«Биз дагы эне тууган эр элек, Эзелтен берки эл элек» [1, 50-б.]

«Манас» эпосу – кыргыздын тарыхы, бүгүнкү

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



жашоосу, келечектеги үмүтү». Себеби, тоонун эркиндик идеясы, элибиздин политикалык, экономикалык жана идеологиялык генетикасынын өзөгү. Манастын элди, жерди сүйүү, коргоо идеялары төрөлгөндөн эле башталат. Себеби сырткы душмандар кыргыздарды кой ордуна айдашып, кол буттарын байлашып кордошкон. Кыргыздардын патриот баатырдыгын Белек Солтоноев төмөнкүчө баяндайт:

1. Октон-чоктон кайтпаган, отко-сууга, жоонун көптүгүнө, күчтүүлүгүнө карабастан, күнү-түнү, ысык-суукка карабай, чечкиндүү, коркпостон душмандар менен кармашкан.

2. Согуш учурунда жарадар болуп жаракат алып калса, же болбосо колундагы курал-жарактарынан, минген аттарынан ажырап калса дагы, өздөрүнүн патриоттук сезимдерин жоготпой, белди бекем бууп, сырларын билдиришпей, душмандарды жеңип келишкен, кала берсе жандарын беришкен. Мындай баатыр патриотторду элибизде «кара көк жал» баатыр дешкен [6;7].

Манас өзүнүн патриоттугу, көк жал чоролору менен Чоң казатта жеңишке жетишет. Манас баатырдын акыл-оюу Ала-Тоо журтунун стратегиялык маселелерине багытталган. Патриоттук сезими, ар намысы оюнан чыкпай:

«Атым өчүп калбайбы,
Атамдан калган Ала-Тоо,
Алтайдан калай албасам» [1, 275-б.] - деп дайыма элдин эркиндигин эстен чыгарбай жүрөт. Манастын ар дайым санаага батып, ойлогон оюу, кытай-калмакка окшогон жоолорду жеңип, ар кайсы жерлерде чачылып жаткан кыргыз элин бириктирүү болгон.

«Андаалап кыргыз калыпсың, Аттиң дүйнө не дейсиң» [1, 60-б.] - деп Манас арман кылат. Анын максаты Ала-Тоону жоолордон бошотуп, алтымыш кыргыз уруусун бириктирүү болгон. Элибиздин боштондугу, эркиндиги, өз алдынча журт болгондугу үчүн ысык, сууктарга, ачарчылык, душмандардын каршылыгына туруштук берип, Ата журт тарап кетпей, жоголбой сакталып калган. Биз да элибиздин эгемендүүлүгүн, биримдигин сактап, сыйлашыбыз зарыл. Ошондо гана улутубуз, мекенибиз күч кубаттуу боло алат. Манас өзүнүн мекенчилдиги жана ишинин биримдиги менен гана айырбастан, анын патриоттук, айланага көз чаптырып, камырабас болбоого, күнүмдүк ойлор менен чектелбестен, ар кандай өзүн таштоого чакырып, кенен ойлонууга, сергек болууга, мүшкө берилүүгө, элибиздин алдыда турган атуулдук милдеттерди сезип, түшүнүп, кабыл алууга чакырган. Манас баатыр Ала-Тоо элинин кызыкчылыгын да жан дили менен кайтарган. Манас баскынчы Алооке ханга, элибизди, жерибизди эч убакта душмандарга тепсөөгө уруксаты жок деп айтат. Ата журтубуз, элибиз эч кол тийгис. Ал жерде элибиз жамашып, өнүп-өсүп жатышат. Баатырдын Алооке баскынчыга айткан сөздөрүн ар дайым көкүрөгүбүзгө сакташыбыз керек. Элибизди, жерибизди коздун карегиндей сактоо – ар бир Ала-Тоолуктун түздөн-түз парзы!

Эр Манас өз чөйрөсүнөэл башкарган аксакалды, акылдуу кеп айткан байбичелерди, эли үчүн жан-дилин бергендерди, намыскөй, чынчыл, таза жүргөн инсандарды чогулткан, ошолорго жараша мамиле түзгөн. Ошол себептен, аны менен мамиле түзгөндөр, баатырдын айкөлдүгүн баалашып, сыйлашып, эсептешип, аны терең түшүнүшкөн жана сөздөр менен кадырлашкан:

«Улуу Манас турганда,
Жактансак Кудай урбайбы,
Арстан Манас баатырдын,
Аркасынан жүрөлү,
Атышкан жоосун сүрөлү» [1, 62-б.] - дешип, өздөрүнүн элге, жерге болгон мекенчилдигин билдиришкен. Эпосто элибиздин мамилесинин эң негизги кыргыздардын кызыкчылыктары болгон. Элдин рухий байлыктарын ошол жактан байкаса болот. Эпосто Манас баатырдын образы, элибиздин идеалы катары көрсөтүлгөн. Манас жасаган эмгеги, тилеген тилеги, жүргөн-тургандыгы, элге камкордугу, баатырдыгы, патриоттугу ж.б. менен берилген. Манасты эл өзү кан катары көтөрүшкөн. Манасты эл башчылыкка Бакай, Кошой, Каныкей, Алмамбет, Чубак, Сыргак сыяктуу ак ниеттүү, кенен пейилдүү, мекенин элин сүйгөндөр, акылмандар жол көрсөтүшкөн. Манастын тегерегиндегилер күчтүү, жеңилбес, элдин кызыкчылыгын биринчи койгон, эл, жер үчүн деп жашап, кыргызды жоготпой сактап калышкан. Ал өзүнүн акылмандыгынан элибизди чачыратпай, башка элдерге күң кылбай, жерибизди сакташкан, башкача айтканда:

«Кулаалы жыйнап куш кылган,
Курама жыйып журт кылган» [1, 56-б.].

С.Байгазиев айткандай, өз эли-журтун талап-тоногондорго күбө болуп жатабыз.

«Бийиң кылаң болсо,
Журтуң ылаң болот.
Бастырганды билбеген жолду бузат,
Башкарганды билбеген элди бузат» - деген макалаларды эстен чыгарбоо керектигин айтат [1, 61-б.].

Бүгүн мамлекетибизге патриоттук педагогика керек. Политикалык, экономикалык жана идеологиялык кризис учурунда мамлекетибиз элди сүйрөй турган күчтүү патриот кадрларга муктаж. Манастын рухий байлыктарынын бири – өзгөнү бооруна тартып, өз кыла билүү педагогикасы. Манас баатыр эң айкөл патриоттордун бири. Ушул күнгө чейин Манас эпосунда адамды ар кайсы улутка, рассаларга, бай-кедейге бөлбөйт. Анын кырк чоросу ар кыл улуттардын өкүлдөрү болушкан. Эпостогу азамат патриоттордун достугу жана биримдиги, чындык, калыстык, адилет-

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



түүлүгү Ала-Тоо элинин алдына таза кызмат, адал мүнөз, адеп-ахлактары негизделген. Мисал катары эр Манастын Алмамбет менен достуктары жөнүндө айтсак болот.

«Кызыл найза желегим,
Кытайдан келген белегим» [1, 69-б.] - деп дос болот. Манас менен Алмамбет ар кандай кыйынчылыктардан, тосмолордон ийгиликтүү өтүшүп, акыл-ой маданиятын, патриоттук сезимдеринин бийик жерлерине чыгышып каарман-патриоттордон болушкан. Ушуга удаа айта турган сөз Алмамбет өзүнүн досунун айкөлдүгүнөн улам:

«Ала-Тоо артык жер үчүн,
Ак калпак кыргыз жер үчүн,
Жанымды курман чалайын [1, 69-б.] - деп Ала-Тоонун патриот уулу экенин далилдейт. Манас баатырдын айкөлдүгү, адал жүрүм-туруму, эрдиги, патриоттуулугу, досторуна, чоролоруна, аларды бир туугандай көрүп берилген. Жогоруда айтылган сөздөр, Манастын чынында эле эл-журт, жоро-жолдоштору үчүн эч нерсени аябаганы көрсөтүлүп турат. Эпосто ал жөндөн жөн эле:

«Телегейи тең эле,
Ичип карап отурса,
Жер жүзүнөн кең эле,
Кеңдиги чалкар көл эле» - деп мүнөздөлгөн болсо керек [1, 44-б.]

Манастын ар намыстуулугу эпосто, жалпы элибиздин ар намысы катары көрсөтүлгөн. Мисалы, Көкөтөйдүн ашында Нескара, Жолой, Коңурбай калмактардын күлүгүңөрдү бизге бергиле, болбос чаап кетебиз деп ак калпакчандарды жөөлөп, коркутуп турганда Манас мынтип айтат:

«Өрдөшкө жатар чагым жок,
Өлүмдөн аяр жаным жок,
Кайран жаным барында,
Кытайга тартар малым жок».

Бул саптарда Манастын эл, жер, ар намыс үчүн эч нерседен кайтпай тургандыгы далилденип турат. Манастын кыргыз элинин ар намысын сактап калууга кылган аракеттери байкалып турат. Алмамбеттин өтүнүчүнө каршы чыгып, Манас Коңурбайга каршы өзү чыгат. Манастын боорукерлиги, согуш учурунда карыларга, балдарга, аялдарга, Ала-Тоо жерине өзгөчө мамиле жасайт. Мына ушулар жөнүндө Манастын өз аскерлерине дагы айткан сөзү:

«Кылыч чаппай, ок атпай,
Кыйынсынып жаа тартпай,
Алдырып салган ким дейсиң,
Албаңар жарык ийнесин,
Не кыласың калмактын,
Эзелтен жыйган дүйнөсүн» [3, 20-б.]

Ушинтип Манас чоролоруна акыл айтып, бечараларга өзгөчө мамиле кылууга чакырат. Баатыр Манастын душмандар менен согушуудагы жеңиштеринин себеби, бул өз элин, жерин абдан сүйгөнү, Ала-Тоо үчүн бардык ойлорун, күчтөрүн бергени. Манастын патриоттук сезимин толугураак баалаш үчүн, анын кенендиги, кең пейилдигине да токтоло кетиш керек. Манас баатырдын өз элин, жеринин ыйыктыгын сүйгөнүнүн белгиси, бул анын кечиримдүүлүгү, пейилинин кенендиги, чыдамкайлыгы. Мисал катары, досу Алмамбетке берген кеңешин айтсак болот:

«Чогоолдук калса кетирип,
Өжөрлүк кылса өткөрүп,
Кейишке салса кечирип,
Күтөрдүн камын кылыңар,
Бүлүндүрсө бүлк этпей,
Түтөөрдүн камын кылыңар» [1, 75-б.].

Манастын эл сүйгөн баатыр болушуна, өзүнүн жалпы кыргыз эли, алардын акылман Бакай, Кошойду, Чубак, Сыргак, Алмамбет, Акбалта, Ажыбай, Каныкей жана анын чоролорунун ролдору чоң. Акылман Кошойдун Манаска акыл үйрөтүп, кеңешин берип, насыяттарын айтып, туура жол көрсөтүп:

«Алтайдан Манас табылды, Абийирим мынтип жабылды» - деп Манаска күч-кубат болот. Мына ушундай колдоолор, биримдиктерден Манастын жеңишин бирге жаратышкан эл болгон, Манас менен элдин биримдүүлүгү.

Эпосто Каныкейдин да маалыматтуулугун Чоң казатта элиңе кайт деп Манаска кат жазганын көрсө болот. Каныкей кырк чоронун согушта кийчү кийимдеринин жакаларына, алардын аттарын да жазып, кошо тигип койгон болот:

«Жоболоңдуу кырк баатыр,
Тон талашар окус деп,
Кого болор кокус деп,
Жакасынын ичинде,
Чоролордун аты бар,
Болжолунан билерсиң,
Атыңды окуп кийерсиң» - деп жазган [1, 77-б.].

Манас эпосундагы кайталангыс каармандардын ички-сырткы дүнүйөсү, руханий-нравалык байлыктары, жерге-элге болгон патриоттук сүйүүлөрү, келечектеги муундар жөнүндөгү ойлору, дене бойго көз караштары, элдин намысы, абийири ж.б. менен өз өмүрлөрүн байланыштырышып жашоо-турмушунда байкашат. Ошондой кымбат максаттарды коюшуп, берекелүү өмүр өткөргөндөрү үчүн алардын өмүр баяны, азыркы жаштарга өрнөк болуп эсептелет. Бизди кызыктырган нерсе, эпостогу баатырлардын элге жерге болгон патриоттук духтары, алардын кыргыз эли, Ала-Тоо жери менен сыймыктанышы:

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



«Биздин элди сурасаң,

Баатырлар менен жүрөктөш» - дешип, душмандардын колунда болушса да

«Таманга басып жүн кылып,

Колу артына байланып,

Кой ордуна айдалып» [4, 85-б.] жатса да сырткы жоого багынышпаган. Ушундай багынбас патриоттук дух, ар намыс биздин муунадарыбызда уланып келе жатат. Мисал катары Курманбек, Эр Табылды, Эр Төштүк, Тайлак баатырдын, Алымбек жана Курманжан даткалардын, Ата Мекендик согуштун баатырлары С.Садыков, Д. Шопоков, Ч. Түлөбердиев, Д.Асанов, К. Үсөнбековдор, эмгектин баатырлары З.Кайназарова, Ө. Атабековалар, Олимпиада чемпиону К. Осмоналиев ж.б. айтсак болот. Элибиздин мындай баатыр-патриоттору жөнүндө өз убагында Радлов В.В. айткан сөздөрүнөн байкасак болот. «Кара кыргыздар ушул убакка чейин аларга таандык болгон эр жүрөктүүлүк духун сактаган, алардын аң-сезими башка түндүк түрк урууларына караганда өтө өскөн, өткөн кылымдарда узакка созулган согуштар, идеялык жагынан аларды бекем бир биримдикке бириктирген» [5, 348-б.].

Манас эпосундагы башка каармандардын образдары, алардын ар намыстык, патриоттук духтары, эл жерге болгон идеалдары муундан-муунга өтүп келе жатат. Тилекке каршы, бүгүн өзүбүздүн кылымдан-кылымга өтүп келе жаткан баалуулуктарыбыздан алыстап жатабыз. Ошондуктан бүгүнкү жаш муундарды Манастын идеалында тарбиялоо зарылчылыгына шек болбосо керек.

**Адабияттар:**


1. Байгазиев С. «Манас» эпосунун руханий, адептик философиясы, патриоттук улуу дөөлөттөрү жана педагогикалык асыл-нарктары. - Бишкек, 2014.
2. Валиханов Ч. «Собрание сочинений». - Алмата, 1961.
3. «Манас» эпосу С.Орозбаковдун варианты боюнча. - Фрунзе: Кыргызстан, 1980. - 2-китеп.
4. «Манас» эпосу Ш.Азизовдун варианты боюнча. - Бишкек: Республикалык Манас жаштар ордосу, 1995. - 213-б.
5. Радлов В.В «Избранные сочинения». - Москва, 1969.-348-б.
6. Солтоноев Б. «Кызыл кыргыз тарыхы». - Бишкек: Учкун, 1993. - 182-б.
7. Талып молдо «Кордолгон заманда». Ала-Тоо. - Фрунзе. 1991. - 127-б.
8. Ашур уулу Б. Патриотизм кочевых народов (на примере эпоса «Манас»). Известия ВУЗов Кыргызстана. 2018. - №.5. - С. 64-66.